УДК 94 (575.21)

# НАРЫН ЖАНА КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ

# НАРЫН И КЫРГЫЗСКАЯ ИСТОРИЯ

*К.С. Бокоев*

Макалада Нарын аймагынын жашоочуларынын кыргыз тарыхына кошкон салымы кенири корсотулгон.

*Ключевые слова:* история; восстание; санжыра; датка.

# NARYN AND KYRGYZ HISTORY

*K.S. Bokoev*

The article is about the contribution of the people, who lives in Naryn, to the Kyrgyz history.

*Key words:* history; rebellion; sanjyra; datka.

Кыргыз Республикасы 1991-ж. 31-августунда өзүнүн көз каранды эместиги жөнүндө Декларациясын кабыл алышы менен, 2200 жылдык окуяларга бай Кыргыз тарыхына кыйла далилдүү жаңылыктар кире баштады. Бул жаңылыктар менен кошо узак жылдар бою өздүк жана мамлекеттик архивдерде катылуу жаткан кыргыз санжырасы менен тарыхтары окумуштуулар менен илим изденүүчүлөр тарабынан аныкталып, такталып, башка тилдерден кыргызчага которулуп, жазылып, басмаканалардан жарык көрүп жалпы элге тартууланып келе жатат. Эгемендүүлүктүн шарапаты менен мындай жаңы көз караштагы маалыматтардын орчундуусу болуп 1996-ж. басмаканадан чыккан “Мажму-атут-товарих” тарыхый чыгармасы, 2002-ж. декабрь айындагы “Русская Америка” гезити менен “Кыргыз Мамлекеттүүлүгү жана “Манас” элдик эпосу деген эмгектер эсептелип келет. Бүгүнкү эгемен кыргыз окумуштуулары жыйнактаган Кыргыз тарыхында 955-1868-жылдары Нарындан Кашкарга чейинки аймактарда жашаган каракыргыздар тууралуу алгылыктуу тарыхый баяндар чагылдыра элек. Негизи эле бул аталган аймактардагы кыргыздар кандай мамлекеттерге баш ийип турган же мамлекет курганбы, курса, кимдер башкарып турган деген толук түшүнүп-түшүнбөгөн олуттуу суроолор бар. Эгемен мамлекетибизге 22 жыл толуп өз алдынча түтүн булаткан менен жогорудагы “Русская Америка” гезити менен “Кыргыз Мамлекеттүүлүгү жана “Манас” элдик эпосу деген эмгектерди жараткандар улуттун баласы болбой, уруунун баласы болуп ал эмгектерде жалаң эле өз ата-тектери жазылып сүрөттөрү менен чыгып, мамлекет түзүп калгандыгы тарых таанычуларга таң калыштуу болуп келе жатат. Мындай ачакей тарыхтардын алдын алуу үчүн окумуштуу С.Аттокуровдун “Кыргыз санжырасы” деген эмгектериндеги орчундуу тарыхый маалыматтарды “Кыргызстан тарыхы” деген жаңы окуу китебине толук берилиши керек.

Калмактардын 100 жылдан ашык чапкыны азырынча кыргызстан тарыхына орчундуу окуялары менен кирбесе дагы теңир-тоолук санжырачылардын айтып таштап кеткен баяндары алигиче эл оозунда. Карт тарых маалымдагандай калмактардан кыргыз жерин Цин манжур бийлиги 1757–1758-жж. бошотуп, натыйжада «миллиондон ашык» жунгарлар кырылгандыгы баяндалат. Андай болсо 40 уруудан бириккен деген кыргыздар кайда болгон деген суроо туулбай койбойт. Окумуштуулар менен тарых изилдөөчүлөрдүн аныктагандыгына караганда, кыргыз уруулары калмак чапкынында экиге бөлүнүп тургандай. Кыргыздардын бир бөлүгү болгон сарбагыш, саяк, бугу, солто ж. б. уруулары калмак чапкынына чыдабай Фергана, Гиссар, Кулябга чейин кире качса. Ал эми экинчи топту түзгөн Онтогор хан менен Карагул баатыр башанда турган черикдер 100 жыл

боюу С.Аттокуров белгилегендей калмактардын үстөмдүк мезгилинде да кыргыз жерин таштап кетпегендиги кандай эрдиктер менен бааланат. Элдик санжырада калмак хандыгынын баскынчылыгында эркиндик үчүн салгылашып жатып каза болгон Онтогор хандын эл башы, журт башы болуп тургандыгын баяндаган жамактар дагы кездешет. Алсак: “Онтогор баатыр хан болгон ошондо дүйнө тар болгон” деген эл арасындагы тарыхый кепти аныктап, изилдеп талдап чыгуу зарыл. Ал эми ошол тажикстан аймагында 100 жылдан ашык болгон кыргыздар Фергана, Гиссар, Кулябды таштап эселки жети атасынын сөөгү калган Ала-Тоосуна көчүп келе баштаган окуялар дагы эгемендүүлүктүн шарты менен такталуусу керек. Негизи эле бул көчүп, конуу окуясы 15–20 жылга чукул убакытка созулгандай. Урууларын эң алгачкысы болуп кулябдан ысык-көлгө бугу уруусу көчүп келгендиги эмгектерде чагылдырылып келет. Анда: Боромбайдын айтуусунда бул убакыт 1774-жылга тура келээри баяндалган. Муну менен бугулар көлдүн мал жанга жай тескей бетин ээлешсе, бугуларга караганда шайма-шайы ас Ниязбек баштаган сарбагыштар кийин көчүп келип, көлдүн тескейин, солтолор иле дарыясынын боюн, саяктар кетмен-төбөнү ээлешкендей [1]. Азыркы кыргыз санжырасы белгилегендей ошондуктан сарбагыш, саяк, бугу, солто ж.б. урууларынын санынын көптүгү дагы ушуну менен түшүндүрүлүп келет. 1759-жылкы Кытай маалыматы “Си-Юй-ту-чжи” боюнча Чыгыш Түркестан, Какшаал, Ак-Сай, Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүн Онтогор хан менен Карагул баатырдын уулдары Токтобай менен Максүт бий, Тоймат шер менен Сазан баатырлар жердеп турган. Окумуштуу А.Н. Бернштам белгилегендей 1759-ж. Карагул уулу Тойматтын (Ю-матэ) бир тууганы Кутаалы (Хута-ли) баштаган элчилер, кыргыз менен кытай элинин ортосундагы соода жана башка мамлекеттик байланыштарды чыңдоо үчүн кытай бийлигинин борбору Түп-Бээжинге барышкан. Ошол жылы кытай элинин көпчүлүк бөлүгүндө чечек (оспа) оорусу каптап жаткандыгына карабай, элчилер кыргыз элинин атынан Пекиндин өзүндөгү Кытайдын императору турган Пань-шань Цзинь цзи сарайындагы бийлик башчысы менен жолуккан.

Кытай цин бийлиги тарабынан кыргыз жери калмактардан биротоло тазалангандан кийинки 19-к. биринчи-экинчи жарымындагы орошон тарыхый окуялардын орчундуусу ушуну менен башталган. Бул мезгилдерде Кашкардан Нарынга чейинки аймактарда турган кыпчак, уйгур, чоңбагыш, черик, чоросаяк, басыз урууларынын төбөлдөрү дагы бийликке алык-салыктарды төлөбөө боюнча өздөрүнчө көтөрүлүшкө чыгып турушкан. 1820-ж. Кашкарда турган Жангир кожо менен чоңбагыш урусунун бийи Суранчынын цин бийликтерине каршы күрөшү ийгиликсиз бүткөн. Бул көтөрүлүшкө нарын дайрасынын боюндагы курткада деген жерде турган чоросаяк Тайлак дагы жигиттери менен катышкан. Көтөрүлүш Кытай бийлигинин аёсуз кыргыны менен аяктап, бул бийликке берилген Исаак-ван деген адам чыккынчылык кылып Жангирди кытайлыктарга карматканга жардам берген, кийин кожону цин бийлиги козголоңчу катары кыйнап өлтүрүшкөндүгү баяндалат. Ушул эле 1820-ж. Ат-Башыдагы Чеч-Дөбө менен Кошой-Коргондун ортосундагы Буурахандын-Сазында Ажыбек, Тайлак баатыр башында турган кыргыздар циндик аскерлерин жеңип бул жеңиш «Кашкар-Жаңырыгы»-деп аталган. Нарындан-Кашкарга чейинки аймакты ээлеп турган черик Шадыбек баатырдан чочулаган цин бийлигинин аскер башчысы Чан Лин ага күмүштөн мамлекеттик сыйлык берүү боюнча өз сунушун Пекинге билдирген [2]. Калмак хандыгы талкалангандан кийин болжолу 1760–1780-жж. аралыгында Кулябда жашап турган кыргыздар Кыргызстанга карай көчүп конуусу суюла баштаганы менен Фергана өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө Кокон бийлиги күч ала баштаган.

Санжыралардан сугарылган кыргыз тарыхы теңир-тоо аймагына кокон аскерлери 1832-ж. келип, Куртка чеби курулгандыгы жазып жүрөт. Менимче жаңы эле жортуулга келген кокондуктар 1000 ашык сарбаздарды кармай тургандай чеп куруп жибергенге биринчиден шарты жок болсо, экинчиден ал аймакта атагы алыска угулган Тайлак менен Ажыбек башында тургандар эли-журту менен жашап турганы белгилүү. Куртка чебин куруу жана кокон сарбаздарынын алгачкы жолу нарынга жасаган жортуулу тууралуу маалыматтарга көңүл буруп көрөлү. Анда: Кокон бийлиги 1832-ж. Качыке баатыр менен Тайлактын жардамы аркылуу нарын дайрасынын боюндагы айгыржал деген дөбөнүн үстү жагындагы Куртка деген жерге 1000ден ашык сарбаздарды кармап туруу үчүн чеп куруута маакулдашкан. Чепти курууга Тайлак башында турган чоросаяктар көтөрүлө колу-буттан алып Сарыиймек менен Кенжештин токоюунан карагай даярдап беришкенге жетишкен. Бирок, Качыке менен Тайлак кокондуктардын котур ташы бар экендигин кеч түшүнгөн деп баяндайт тарых [3]. Антсе дагы Нарын дайрасын кечип Дөрбөлжүн, Атбашы менен Нарынга чеп куруучу кокондук сарбаздарга кечүү бербей жол тосуп турган досу Ажыбек баатыр менен сүйлөшкөн Тайлак, шашалыш ошол жылы Терекке көчүп барып 1838-ж. каза болгонго чейин басыз, моңолдор, черик уруулар менен бирге жашап турган. Мындай болгон шартта теңир-тоо жергесине кокон бийлиги касыл жылда-

ры келген. Бул жагдайлар тарыхый жана көркөм чыгармаларда улам далилдүү чагылдырылып келе жатат. 1817-ж. Кокон хандыгы Көк-Арт ашуусун ашып, Арпа жайлоосу аркылуу Нарын менен Атбашыга алгачкы жортуулун уюштурган. Бул жортуулда кокон бийлигинин аскер башчысы Асан баатыр башында турган Калдаң менен Жалилге окшогон атактуу кол башчылар болгон. Кокон колу Келте-Тумшук деген жерден алгачкы жолу Тартак-Мамбет, Зор-Калча, Карачунак-Атамбек жана Ажыбек баатыр башында турган кыргыздардан жеңилген [4, 5]. Бул окуяга удаа эле 1822-ж. солто уруусунун баштыгы Канай Кокон ханы тарабынан туткундалып, Олуя-Атадагы түрмөгө камалат. Намыстанган Чомой, Бала-Ажыбек, Адылбек, Саке, Үкү баатырлар кол курап Олуя-Ата шаарын камалап солто баштыгы Канайды өлүмдөн сактап калышкан [6]. Кокондуктар бул жоруктары менен эле туруп калбай 1831-ж. кайрадан теңир-тоого жортуул уюуштурган болучу. Жортуул Ат-Башы өрөөнүндөгү Чекендинин талаасында болуп, Ажыбек баатыр башында турган кыргыздар аларга оор сокку урушкан. Нарындык кыргыздар эрдиктердин ээси эле болбостон эли-журтун сабаттуулукка үндөгөн тарыхый окуялар бар. 1833-ж. Ажыбек, Калча, Турдуке, Карымшактар Кашкардан кожо молдо, набайчыларды акы төлөп, Нарын аймагына алдырып келип калктын катмарын сабаттуулукка, соода-сатык иштерге үндөгөн. Кашкардан келген кожо-молдо, сарттарды азыркы Ат-Башы айылы жайгашып турган түзөңгө отрукташтырып Эшкулу-Олуянын жетекчилигинде Сарт-Кечүүгө бир нече боз үйлөрдү тиктирип, жергиликтүү кыргыздарга билим берүү үчүн мусулман медерессесин уюштурган, кийин ал жер, Сарт-Кечүү деп аталып калган [7, 8]. Ажыбек, Калча, Атамбек, Турдуке, Карымшак, Бошубек баатыр башында турган кыргыздардын Кокон хандыгына карата жасаган эрдиктерин тарых мындайча чагылдырат. 1838-ж. баштап чериктер Нарын дайрасын болой жайгашкан Куртка-Чебинин бегине ачык эле салык төлөөдөн баш тартып турду. Чепте турган миң башы Мамыразыктын тынчын кетирип, кайра-кайра кол салып, кокон сарбаздарын колго түшүрүп, калган каткан колун Жумгал чебине чейин сүрүп таштаашты. Күнөөлүү кыргыздардан хан казынасына айып алуучу жана салыктарды жыйноочу эл беги Асанбай дагы чериктердин айылдарына жолой албай айбыгып турду. Булардын көтөрүлүшүн басып туруу үчүн Куртка чебинин беги Мамыразык 1840-ж. баштап эки жыл бою Анжиян бегинен 700дөн кошумча сарбаз сурап турган дейт [9].

Нарындык Ажыбек, Карымшак башында турган каракыргыздар мамлекеттүүлүккө байланыштуу болгон тарыхый окуяларга жан дили менен катышып тургандыгы дагы айкын. 1843-ж. Ысык-Көлдүн «Көтмалды» деген жеринде кыргыздардын алгачкы хан көтөрүү курултайы башталган. Бул сьездге келген алты дубан элден хандыкка бугулардан Боромбай, кушчудан Бүргө, сарбагыштан Ормон, чериктен Ажыбек баатырлардын ысымдары аталат. Кыргыз бийлеринин чечимин жана Олуя Калыгулдун сунушун жерге таштабаган Ажыбек баатыр, сьездге жетекчилик кыла турган болуп шайланат. Бул окуяга абдан кубанган Бүргө баатыр мен, куралдаш досум Ажыбек менен биргемин деп хандыкка көрсөтүлүүдөн баш тартып Жантай, Калча бий, Сарт-Аке, Качыке, Жангарач, Эшкулу-Олуянын жанынан орун алып сьезди өткөрүү боюнча мүчөлүккө шайланат. Хан көтөрүү курултайынын көп күндүк чечими менен Ниязбек уулу Ормон хандыкка көтөрүлүп «кызыл тебетей» кийет. Курбалдашы Ормонго алгачкы куттук сөз айткан Эшкулу-Олуя “хан тукумун кайрырчы дейт-каадасын билбей башкарса эли-журту айылчы дейт”-деп улуулардан укканмын аксак-тексекке бирдей хан бол деген тилегин айтат. Чындыгында эле тарых белгилегендей Ормондун ойду-тоону самап башкаргандыгы менен эли-журту айылчы болгондугун тарых далилдеп келет. Санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчанын айтуусунда хандык даражага көрсүлгөн бул улуу инсандарын көзү барда дагы, көзү өткөндөн кийин дагы ызаттап кыргыздар Хан Бүргө, Хан Боромбай, Хан Ажыбек деп атап калганы ушундан дечү.

Мейли окумуштуулар, мейли санжырачылар белгилегендей кыргыз тарыхында «өтө күчтүү бий», “өтө күчтүү баатыр» же болбосо «өтө күчсүз бий» же «өтө күчсүз баатыр» деген наам жок экендигин кимдер болсо билет. Мындай болгон учурда Карымшакты ары-бери чайкап анын эмгектерин эмдигиче кыргыз тарыхына чыгарбай келе жаткан окумуштуулар теңчиликке, калысчылыкка келүүсү зарыл. Карымшактын хан аталышы тууралуу дагы бир маалыматка кезек берели. 1930–1944-жж. чейин Манасты жыйнаган Ыбырай Абдрахмановдун эли журтуна 1958-ж. жазып таштап кеткен кол жазмасы 2010-ж. табылган. Анда, көптөгөн тарыхты тактай турган окуялар бар экендиги таң калтырат. Ал эмгектин биринчи бетинде “Черик уруусу. Бул тарыхый окуяны айтып жазган Абдрахманов Ибрай. Мен көз ачкандан тартып мындай тарыхый нерселерди көңүлүмө нык сактаганмын,

Маамыт Шермамбетовго 1958-ж. ноябрь ”деген маалыматтар жайгашкан. Эмгектин 14-бетинде: “Куланактан төмөн Тогуз-Тороого чейинки саяк элин Тайлак баатыр башкарып турган. Тайлактан кийин анын уулу Осмон датка башкарып турган. Жумгал-Суусамырлык саяк элин Медет датка башкарып турган. Черик элин Ажыбек баатыр башка-

рып турган, Карымшак хандын карамагында” деп жазып калтырган. Демек 1858-ж. ак кийизге салынып хан болуп шайланып Долондон Кашкарга чейинки аймактардагы кыргыздарга баш болуп турган Карымшак Сазан улуу 1872-ж. көз жумган. 1867-ж. Түркстан генерал-губернаторлугу Жети-Суу облусун түзгөндөн баштап, алардын жетекчилери Карымшак башында турган чериктер тууралуу кабардар болуп, натыйжада кыргыздардын борбору Токмок шаарына «черик болуштугун” түзгөн бул болуштук Орус төрөлөрү менен хан Карымшакка баш ийип турган. 1866-ж. генерал-губернатор А. Колпаковский Нарын, Ат-Башыга келип Көк-Жон жайлоосунда турган Карымшак баштаган бийлерге жолугуп орус аскерлерине чеп куруу жана эгин айдап себе тургандай ошондогу ээн турган азыркы пограничник айылын сураган. Буга черик Эшкулу, Баястан, Орус, Татыбек, Матай башында тургандар каршы чыккан. Карымшак баштаган бул бийлердин сунушу Орус төрөсүнүн колдоосуна алынып, азыркы Нарын шаары турган ээн жерге курулуш иштери башталмай болгон. Тактап айтканда 1868-ж. азыркы Кыргыз Республикасынын чек ара кызматына караштуу № 2025 чек ара аскер бөлүгү жайгашып турган жерге «Нарын аскер чеби», облустук оорукана турган жерге «Нарын аскер бейтапканасы» жана нарын дайрасына “Нарын аскер көпүрөөсү” курулуп Нарын шаары негизелген. Бул салтанатка Карымшак хан баш болгон Орус, Татыбек, Эшкулу, Баястан, Матай бийлер Орус төрөлөрүнүн алгачкы сый-урматтарын көрүшкөн. Муну менен тарых такталып келе жаткандай жергиликтүү черик кыргыздары менен кошо жүздөгөн, миңдеген орус-казак аскерлери, орус көпөстөрү ээн жаткан Нарын дайрасынын боюна жайгашып, кыргыздарды алгачкы жолу орус дарыгерлери дарылай баштаган.

Жогорудагыдай нарындык черик урууларынын көп кылымдык эрдик менен эс акылдын кенчи болгон тарыхын толук жазбай келе жаткан кыргыз окумуштуулары менен мамлекет башчылары уруунун баласы эмес улуттун баласы экендигин унутпашы керек. Ошон үчүн улуулардын уккан кабарга караганда Нарындан Кашкарга чейинки аймактарда жашаган чериктер улуу мекенибиз болгон Кыргызстанга “ишеничтин таянычтын туруктуу түркүгү болуп келген” деген элдик тарыхый бүтүмү чындык экендиги тастыкталат.

***Кошумча түшүнүктөр:***


1. Нарын облусу энциклопедиясы. Бишкек, 1998. 155–156-бб.
2. *Ш. Бейшеналиев.* Тайлак баатыр. Бишкек, 1998. 217-б.
3. *Ш. Бейшеналиев.* Тайлак баатыр. Бишкек, 1998. 267-б.
4. Нарын облусу энциклопедиясы. Бишкек, 1998. 369-б.
5. *Т.Н. Өмүрбеков.* Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (19 к. – 20 к. башы). Бишкек, 2003. 73-б.
6. *А. Стамов.* Эркин-Тоо гезити. 30. 05. 2003-ж.
7. *К.С. Бокоев*. Ажыбек баатыр. Бишкек, 2003. 16-б.
8. *Т.Н. Өмүрбеков*. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (19 к. – 20 к. башы). Бишкек, 2003. 73-б.
9. Нарын облусу энциклопедиясы. Бишкек, 1999. 307-б.